УДК 37.018.11

ҮЙ-БҮЛӨӨНҮ БЕКЕМДӨӨНҮН АСПЕКТИЛЕРИ
АСПЕКТЫПОУКРЕПЛЕНИЮСЕМЬИ
ASPECTS ON CONFIRMATION OF FAMILY

КалиевА.С.
«Ынтымакжарчылар» тобунунжетекчиси,
ЖАМУнунизденүүчүсү, e-mail: azakaliev38@mail.ru

Аннотациялар: Булилимий макаладаүй-бүлөөнүбекемдөөнүн аспектилери саясый онутто анализденди.

В этой научной статьеполитически анализированы аспекты построения семьи

In this about scientific article analyzed political aspects of building a family.

Үй-бүлөө бул кичинекей мамлекет . Толук кандуу үй-бүлөө толук кандуу коом. Үй-бүлөөдө тартип болсо коом тынч, коомдо ынтымак, биримдик болот. Өнүгүүнүн, жаштарды патриоттуулукка тарбиялоонун стратегиялык планын түзүп келечек муунду сапаттуу тарбиялоого татыктуу көнүл буруу учурдун талабы. Жана ошол тузулгон план мектеп окуучулар арасында медиациянын усулдарын колдонуу менен келечек муундардын түшүнүгүн трансформациялоо аркылуу патриоттуулукка жана туруктуу.

Башка мамлекеттер сыяктуу эле Кыргызстан да эгемендүүлүктү алгандан кийинки саясый, социалдык-экономикалык кыйынчылыктардын зардабынан алигиче чыга албай келатат. Коомдогу мындай абал муундан муунга берилүүчү рухий жана моралдык жоопкерчилик жүктөлгөн үй бүлөгө түздөн түз таасирин тийгизип, андан ары коомдогу бардык процесстерде чагылдырылып жатат. Уй бүлөдөгү зомбулук азыркы учурдун бирден бир омоктуу социалдык маселеси болуп калды. Мурдатан орун алып, кеңири жайылган басмырлоонун түрлөрүнө кыз ала качуу, көп аял алуу, жашы жете электерге үйлөнүү, адам сатуу жана үй бүлө арасында ажырашуулар сыяктуу проблемалар кошулуп, улам барган сайын күчөп, көнүмүш же боло берет түшүнүгүнө синип баратат.

Кыргыз Республикасы Борбор Азия өлкөлөрүнөн биринчилерден болуп аялдарга карата зомбулук болуп жатканын мамлекеттик деңгээлде моюнга алып, аны жоюу боюнча иш аракеттерди жүргүзө баштады. Мамлекеттик план иштеп чыгып, аялдарга карата зомбулуктун бардык түрлөрүн жоюу боюнча Конвенцияга кол койду. Аталган проблеманы чечүүдө 2003-жылы кабыл алынган “үй бүлөдөгү зомбулукту жоюунун социалдык укуктук чаралары” жөнүндөгү мыйзамдын кабыл алынышы өзгөчө мааниге ээ. Бул мыйзам Кыргызстандагы бейөкмөт уюмдарынын демилгеси менен 36000 кол топтоо аркылуу кабыл алынган. Республикада реформа жүргүзүлүп, мамлекеттик пландар жана мыйзамдар кабыл алынып, эл аралык документтерге кол коюлганы менен аялдарга карата зомбулук жоюлуп кеткен жери жок, тескерисинче күчөп баратат. Аталган проблемалар кыргыз коомчулугу туш болгон социалдык-турмуштук кырдаалдарга байланышып, улам жаңы өнүттөгү чечимдерди кабыл алууну талап кылууда. Эгемендик мезгилдеги иш жүзүндө мамлекеттин айкын саясаттын жоктугу же бүдөмүктүгү, коомдук тарбиянын солгундашы же таптакыр жоктугу, адептик тарбиянын болуп көрбөгөндөй төмөндөшү ж.б., Үй-бүлөөнү бекемдөөгө да залалын тийгизип келүүдө.

Кыргызстандын коомдук мамлекеттик өнүгүүсүндөгү соңку он жылда үй бүлө түзүлүшүндө көп өзгөрүүлөр болду. Аларды төмөнкү факторлор аркылуу байкоого болот:
Социалдык-экономикалык: 1.Өлкөдөгү саясый туруксуздуктар.
2.Үй бүлөнүн абалына өлкөнүн узак убакыт бою саясый жана экономикалык кризис абалда болушу, жумушсуздук ж.б.таасир этти.

3.Калктын аз камсыз болгон катмарына мамлекет тарабынан колдоо жетишсиз. социалдык–экономикалык өзгөрүүлөр терс таасирин тийгизет, демек үй бүлөдөгү социалдык психологиялык абал да оордойт.

4.Калктын ички жана сырткы жер оодарышы. Миграциялык процесстердин күчөшү үй бүлөдөгү туруктуу байланышты начарлатат. Кыргыз мигранттарынын 60-70 пайызга жакынын жаш жана төрөө мезгили бар аялдар түзүшөт. Оор шарттар алардын ден соолугун бузуп, үй бүлөдөгү мамилени татаалдаштырат.

Урп-адаттар:Үй бүлөдөгү үрп адаттар улуттук каада салт жана социалдык- экономикалык, саясий процесстер аркылуу келүүчү шарттар менен тыгыз байланышкан. Аялдын эркин чектөө никелешүү жана үй бүлөдөгү өз ара мамиледе байкалат. Эгемендик жылдарында совет мезгилинде тыюу салынган кыз ала качуу, калың берүү, жашы жете элек кыздарга үйлөнүү сыяктуу каадалардын кайрадан турмушка аралашына жол берилди. Мунун ичинен соңку он жыл ичинде айрыкча күчөп бараткан көп аял алуу маселесине өзгөчө токтолууга болот. Кыргызстанда көп аял алуу диний көз караштар жана аялдардын социалдык экономикалык абалынын төмөндүгү менен айкалышат. Кризисттик борборлорго кайрылууларга караганда көп аял алуу биринчи да андан кийинки аялдар үчүн да кыйын кырдаалды түзөт. Никени мамлекеттик органдарда каттатпай, диний шарт боюнча кыйдыруу ажырашкан учурда аялды укуктук жактан колдоосуз калууга алып келет. Бул жагдай да үй-бүлөөнү бекемдөөгө терс таасирин тийгизээри бышык.

Ошондой эле ушул сыяктуу терс таасирлер ата-энеси бар туруп жетим калган балдардын саны өтө көп. Жетиктүү тарбия албаган жаштардын келечеги инсан катары Ынтымак жарчылар командаларын ойлондурбай койбойт. Тактап айтканда, мусулман түшүнүгүндо нике окутуп, бата алып, ал эми светтик мамлекеттин түшүнүгүндо ресторанда той өткөрүп, той жүрүшүнө чыккан жаштар үй-бүлөөлүк талаш-тартыштарды, жоопкерчилигинин жоктугунан чыр-чатактарга айлануусу, күндөн күнгө ажырашуулар көнүмүш адатка айланып бара жаткандыгы, ажырашуулардын кесепетинен тарбиясыз балдардын көбөйүүсү, коомубузда ар кандай чыр-чатактардын негизги булагы жана багыты экендиги талашсыз. Тарыхый фактыларга кайрылсак мамлекеттин өнүгүүсүндөгү соңку он жылда үй бүлө түзүлүшүндө көп өзгөрүүлөр болду. Бүгүнкү күндөгү социалдык-профилактикалык жана коррекциялык иштер системасында түзүлгөн кырдаал абалды жеңилдеткенге жарамсыз экендиги жөнүндө маалымдалат, ошол себептүү социалдык саясатта балдардын селсаяктыгын алдын алуу, «дейди, көчө балдары» үчүн атайын социалдык реабилитациялоо максатын көздөгөн мекемелерди түзүү милдети коюлган. Көчө же дейди балдардын жана өспүрүмдөрдүн мекемелеринин милдеттери болуп төмөнкүлөр эсептелет:

- кароосуз калуучулуктун, селсаяктыктын, бейадептиктин алдын алуу;

ата-энелердин күнөөсү менен же экстремалдык шарттарда- күч колдонуу, же психикалык зомбулукка учураган кырдаалдарда кабыл алынган балдарга психологиялык-медициналык жардам көрсөтүү;

- балдарда жана өспурүмдөрдө жүрүм турумдардын туура формаларын, айланадагылар менен мамилелешүүнүн туура жолдорун калыптандыруу;
- ата-энесиз калган балдарга асырочулук функциясын өтөө;
- инсандын кризистик абалын жоюу үчүн психологиялык жана педагогикалык колдоо көрсөтүү;
- үй-бүлөсүнө кайтуусуна көмөктөшүү;
- билим алуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуу;
- эртеңки жашоосуна кам көрүү.

Бир сөз менен айтканда, мындай мекемелердин ишмердулүгүнүн негизги максаты- мындай балдарга социалдык коргоо жана колдоо көрсөтүү жана реабилитациялоо болуп саналат.

Балдардын адистешкен мындай мекемелеринин түзүлүүсү балдарга жана өспүрүмдөргө экстрендик жардам көрсотүүгө мүмкүндүк түзөт.

Кыргыз Республикасынын Конституциясында “Үй-бүлө жана нике кодекси”[1] кабыл алынган. Коомчулук арасында аткаруу же колдонуу боюнча аталган мыйзам жетишсиз талкууланат. Иши тушкондо гана “мындай кылсан болот , тигиндей кылсан болот”деген аргасыз жардам берүү методу коомду тескери жакка тарбиялануусуна шарт түзүп келет. Бул философиянын “дедукция” закону. Эмне үчүн биз ошол философиянын “индукция ” законун колдоно албайбыз. Бугун коомчулук мыйзамды так аткарып, конституцияны сактай билип озубузду жарандык коомдун үлгүлүү кишисине тарбиялоого басым жасообуз шарт.

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 70 статьясынын 1-пунктунда : Үй-бүлө-коомдун эң алгачкы очогу, үй-бүлө, ата, эне жана балалык –бүткүл коомдун камкордугуна алынып, мыйзам тарабынан артыкча корголууга тийиш, балага кам коруу аны тарбиялоо, ата-эненин милдети жана жарандык парзы[1]. Эмгекке жарамдуу, жашы жетилген балдар ата-энелерине камкордук көрүүгө милдеттүү деп белгиленген.

Коомчулуктун жаштарга жана алардын көйгөйлөрүнө көңүл бурбашы, жанаша отуп бараткан улуу муундун өкүлдөрү “менин ишим эмес”дегендей жана кайдыгер мамилеси жаштар арасында моралдык боштукту пайда кылат. Улуу муундагылардын жаштарды тарбиялоого салкын мамиле кылышы, акыл насааттын аз санда айтылышы, алардын келечекке болгон мамилесинин ишенбөөчүлүгүнө алып келет. Айрым жаштардын билимсиздиги, түшүнбөстүгү, билим денгээлинин аздыгы, жаштардын арасында улуттар ортосундагы урматтоо-сыйлоолордун жоктугу да чыр-чатактардын чыгышына алып келет.

1959-жылдын ноябрында БУУнун Генералдык Ассамблеясы тарабынан кабыл алынган балдар укуктарынын декларациясында мындай деп айтылган: “Балага мыйзам жана башка каражаттар аркылуу атайын коргоо камсыз кылынып, мүмкүндүктөр жана шарттар түзүлсө, баланын дене, акыл-эс, адептик, рухий жана социалдык жактан сергек жана нормалдуу жол менен эркиндикти жана урматтоонун шарттарында өсүшүнө мүмкүндүк берээр эле[2].”

Айрыкча жашоодо кезиккендей эле ажырашкандагы балдарга жана аял кишиге балдарды кароо, күнүмдүк муктаждыктарга акча табуу жана башка турмуштук зарылчылыктар кыйнайт. Жыйынтыгында коомдун жана башка өтө назик, жарандык кызматын аткарууга жарай албаган коомдун мүчөлөрү чыгып жатат.

Коом арасында тарбияланбаган жаштардын саны кескин өсүүдө. Статистикалык маалыматтарга таянсак толук эмес үй-бүлөодо өсүп-чонойгон балдар, толук үй-бүлөөдө өскөн балдарга салыштырмалуу көбүрөөк кылмыштарга баруусу катталган. Себеби элибиздин жакшы макалы бар «Күш уяда эмнени көрсө учканда ошону алат». Коомчулук кандай тарбия берсе ошонун жыйынтыгын корот.

1.Кыргыз Республикасынын үй-бүлөо кодексинин 6 главасынын 32 статьясынын 2 беренесинде “Ата-энелер балдарды тен тарбиялоого, окутуп таалим тарбия берүүго тен милдеттуу”

Ал эми 3 статьясында “ата-энелер өздөрүнүн мамилелерин бирин-бири сыйлоо, бирин-бирин түшүнүү менен үй-бүлөөсүнүн бекем өнүп өсүүсүнө милдеттүү”деп жазылган. Учурда практикада үй-бүлөөлөр арасында укуктар боюнча көп сүйлөнөт, түшүнүк бар. Ал эми милдеттер жөнүндө түшүнүк өтө аз санда. Же практикада колдонулбайт. Коомчулук арасында сурамжылоолордун жыйынтыктары көрсөткөндөй ата-энелердин 92% ти балдарды тарбиялоого экөө тен милдеттүүлүгүн билишпейт. Ажырашкан үй-бүлөөлөр да өз ара келишпестиктер, түшүнбөстүктөрдөн жаралып жатат. Бул калктын эле эмес мамлекеттик денгээлде үй-бүлөө куруу, Үй-бүлөөнү бекемдөөгө болгон иш аракеттердин коомчулук арасында жеткиликтүү эместиги.

Практикада көрсөткөндөй өнүккөн мамлекеттердин практикасында "Үй-бүлөөнү сактоого , бекемдөөгө" өзгөчө көнүл бурулуп келет. Өзбекстан мамлекетинде жаштар үйлөнүүгө даярбы? Кайсыл каражаттын эсебинен жашайт? Андан кийин үйлөнө турган баланы да, күйөөгө чыга турган кызды да алдын ала медициналык текшерүүдөн өткөрүшөт. Биз эмнеге жетишип жатабыз деп тан каласын? Чындыгында эле бул өнүгүүнүн стратегиялык планы эмеспи? Ал эми Өзбекстан мамлекетинин "Жаштар" телеканалында берилген жарнактарда бойго жеткен кыздар үчүн , турмушка даярдоо багытында "Келиндикке даярдоо курстарынан" окутушат. Берилген жарнактын озү эле коомчулук арасында туура кабыл алынып, ата-эне турмушка бере турган кыздары билбегенди билип алсын деген тариздe курстан откөрүүгө ашыгышат. Ал эми келин ала турган ата-эне да ушул курстан өткөн бекен, жаны үй-бүлөөдө кандай мамиле жасайт. Кайын журтту урматтап, турмуш куруп кете алат дешип курстан өткөн кыздарды келин кылып алууга көнүл бура баштаган. Башка мамлекеттердин практикасын кайталоо бир аз күлкүлүү көрүнгөнү менен келечек ошону талап кылып жатат. Себеби ата-энеден эмес миграцияда жүрүп , сырттан Россиядан, Казакстандан, Египеттен, Туркиядан, Өзбекстандан такталбаган маалыматтардан алынган таалим тарбия келечек муундарды ар кандай багытта тарбия алуусуна шарт түзүүдө. Келечегинде бул мамлекетте көптөгөн көйгөйлөрдү жаратууга, чыр-чатактардын көбөйүүсүнө алып келүүдө. Кытай элинин улуу ойчулу Конфуцийдин айтуусунда, "Билимдүү адам ал окуганды үйрөнгөн" адам. Ар дайым окуп үйрөнүү, билбегенди сурап билүү учурдун талабы.

Президентибиз Алмазбек Шаршенович тарабынан 2012-жылы көтөрүлгөн "Үй-бүлөөнү бекемдөө жылы" да, "Жаңы турмуш курган үй-бүлөөлөргө" эч кандай малекеттик денгээлде туруктуу келечектүү план кабыл алынган жок. Долбоордун туруктуулугуна көңүл бурулбады. Жаштарга ипотекалык үйлөрдү берүү жаштардын биргелешип иштеп төлөө жоопкерчилигин жогорулатат. Үй-бүлөөнүн бекем болуусуна шарт түзөт.

Маселе аял кишилердин жалпы саны эркек кишилерге караганда көптүгү жөнүндө Жогорку Кенешке чейин 2 ден аял алуу көтөрүлгөн. "Бага алса алсын" деген түшүнүктөр айтылды. Бирок тымызын анан боло берет түшүнүгү коомду каптап баратат. Ислам мамлекеттеринин түшүнүгүндө никесиз жүрүүгө шарият жол бербейт. Бабалардын салтында да күйөөсү каза болгон аялды, кайнисине нике кыйып алып берген. Ошол уруунун аксакалдары чечип койгон. Куда мин жылдык деп алынган кызды да өлөр өлгөнчө сыртка чыгарган эмес. Бул да өзүнчө коом арасында ашыкча сөздөн, чыр-чатактарга алып келүүдөн сактаган. Жүрүм-түрүм моралы да бекемделген. Урууларга бөлүнүүнүн дагы бир жакшы жактары намыс, ариет, учуру бүтүндөй урууга сөз тийген. Ошондуктан уруунун жамааты башкаруунун жамааттык системасында биримдикти, ынтымакты түптөгөн.

Бекем үй-бүлөө куруу да ата-бабалардан жон эле калбаган ыйык салтыбыз "Өкүл ата, Өкүл эне" дайындоо. Аталган кишилер көмүскөгө эле же "галочка" үчүн эле шайланышып, жаштар менен катышуу иштери сурамжылоодо көрсөтүлгөндөй, 87% жөн гана тууган катары катышышат. Бирок Үй-бүлөөнү бекемдөө, Үй-бүлөөнү сактап калуу боюнча аралашышпайт. Бабалардан калган баалуулуктарга көнүл буруп колдоно билүү да жаш үй-бүлөөлөрдүн ынтымакта, биримдикте жашоосуна , балдарды туура тарбиялоого, мамлекетти бекемдөөгө салым болот.

Кыргыз Республикасынын Конституциясы биздин элибиздин салтын колдоп, 26 статьянын 3-пунктунда: улууларды урматтоо, туугандары менен жакындарына камкордук кылуу, Кыргызстандын элинин ыйык салты деп белгиленген. Кыргыз элинин макалы бар:"Улууга сый, кичүүгө урмат" деген. Улууну сыйлоо, жакындарына, бей-бечараларга камкордук көрүү бул кыргыз элинин илгертеден келе жаткан ыйык салтын биздин

мамлекет эркиндикке жетип, Конституциябызды кабыл алганда укуктук денгээлге чейин көтөрдү. Бул жобо коомубуздун өнүгүп, өсүшүнө, адамдардын ортосундагы мамилелердин жакындашына элибиздин рухий абалын бийиктешине көмөгүн көрсөтөөрү шексиз. Бирок, буга окшогон жоболорду адамдар көнүлү менен колдобосо , ал жазуу жүзүндө эле калышы мүмкүн.

Ошол мүмкүн акыркы жылдары моралдык байлыкты унутуп материалдык байлыкка умтулган орто жана улуу муундун жарандары келечек муундардын элим жерим, мекеним деген сапаттарын унуткаруусуна түрткү болот.

Жаш муундар арасында туура эмес тарбия алып калуусуна мамлекеттик саясаттын бошондугу, келечек муундарга көрүлгөн камкордуктун аздыгы түрткү болуп келет. Союздун убагындагыдай мектеп окуучулар арасындагы КВН, диспут, мектептер аралык жарышуулар толук кандуу өткөрүлгөн жок. Илимге билимге болгон кызыгуу начар. Үй-бүлөөдө ата-энелер балдарын тарбиялоого, багып өстүрүүгө милдеттүү деп көрсөтүлгөн. Бирок тилекке каршы эгемендүүлүктү алгандан бери жарандык коом бир топ кыйынчылыктарды башынан кечирди. Советтик идеологиянын максаты менен жабык системада чонойгон коомчулук арасында материалдык байлык топтоого кызыккан жарандардын топтору баарынан байлыкты бийик кармап жатат. Жаштар арасында материалдык байлыкты биринчи орунга коюп, моралдык байлык унутта калып калды. Бул кесепеттер жаштардын келечекке болгон ишенимин капиталисттик көз карашка өзгөртүп жатат. Жыйынтыгында үй-бүлөө, бакыт-таалай түшүнүктөрү аксап, коом арасында жат көрүнүштөр, ажырашуулар, чыр-чатактар көбөйүүдө.

Жыйынтык: Коомубузда жашап жаткан түрдүү улуттардын ынтымагын, жергиликтүү бийликтин колдоосу менен үй-бүлө кура турган жаштарды, жаңы үйлөнгөн жаштарды семинар-тренингдерди өткөрүп Үй-бүлөөнү түптөөгө коом алдында жоопкерчиликти сезүүгө даярдоо аркылуу бекемделет. Бул жоопкерчиликти звеного бөлүнгөн Ынтымак жарчылары өздөрүнүн аймактарында өткөрүшүп келишет.

-Түрдүү улуттардын жаштарын долбоорго тартуу аркылуу жаштардын келечекке болгон ишенимин жогорулатуу.

-Этностор аралык достошуу жана жаштардын үйлөнүүлөрүн колдоо жана үлгүлүү, ийгиликтүү үй-бүлөөлөрдү массалык маалымат каражаттарында чагылдыруу.

-Үй-бүлө курган жаштардын үй-бүлө алдындагы жоопкерчилигин жогорулатуу.

Ошентип акырында айтаарым, бакыт издеп көп деле алыс баруунун кереги жок , себеби бакыт ар дайым өзүбүздүн жаныбызда. Конституциябызда жазылган жогорку талаптарды так аткарууга жетишуу келечек муундардын келечекке болгон көз карашын татыктуу тарбия алуусуна жана тарбиялануусуна түрткү болот.Келечек муунду оң багытка тарбиялайт.

үй-бүлөө куруусуна тарбиялайт. Жыйынтыктап айтканда, бул илимий макалада

1. Үй-бүлөө, анын коомдогу орду, ролу, функциясы, милдети,максаты, саясый оңүттө анализденди
2. Үй-бүлөөнү бекемдөөнүн аспектилери катары томондогүлөр сунушталды

   а) Коомдо туруктуу үй-бүлөөнү чыңдоого басым жасоо башкача айтканда мамлекеттик кодекстерди анализдөө менен коомчулукка жеткирүү.

Адабияттар:

1. www.nurbala.kg/sites/default/files/icco-efca
2. Кыргыз Республикасынын Үй-бүлө кодекси 1сентябрь 2011жыл 11бет
3. WWW.google.com. *ky.wikipedia.org/.../ БУУнун*

Рецензент: Авазов Э.А. тарых.и.к., доцент